КАРА-СУУ АЙМАКТЫК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ

КАРА-СУЙСКАЯ
ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ
ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

723300 Кара-Суу ш., Завод к. 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

723300 г.Кара-Суу, ул.Заводская 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

# №17 ЧЕЧИМ

2021-жылдын 7-апрели — Кара-Суу шаары

Катышышты:
Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов,
Кара-Суу АШКнын катчысы – Ж.Молдожанова
мүчөлөрү - Султанов Н., Мойдунов Т., Раева Ы., Кадыров К., Таев А., Абдраимова Э., Абдурасулов М., Айдаров М., Мамашев М.

**Күн тартиби:**

1. **Жергиликтүү кеңештердин талапкерлеринин үгүт иштери боюнча материалды кароо боюнча.**

**Угулду:** Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов – Урматтуу кесиптештер, жеригиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоого карата Шарк айылдык кеңешине талапкер Ш.Тапвалдиев, Мады айылдык кеңешине талапкерлер А.Бердиев, А.Усонов, А.Нурбаев, Н.Юсуповдор үгүт материадарын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамынын талаптарын бузуу менен даярдап, таркатып жатат деп билдирген.

Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясы жогорудагы талапкерлерден маалыматтарын алышты, өз маалыматтарында мыйзам талаптары аткарылбай калгандыгын, мындан ары үгүт иштерин мыйзам чегинде жүргүзөөрүн билдирди.

Жогорудагылардын негизинде, үгүт иштеринде Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо" жөнүндөгү Мыйзамынын талаптары сакталбагандыгына байланыштуу талапкер Ш.Тапвалдиевге, А.Бердиевге, А.Усоновго, А.Нурбаевге, Н.Юсуповго эскертүү берүү сунушу добушка коюлду.

Сунуш добушка салынды:

**Макул – 11,** **Каршы – жок.**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

**Кара-Суу АШКсы күн тартибиндеги маселени талкуулап**
**Чечим кылат:**

1. Шарк айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкерлер Н.Юсуповго, Ш.Тапвалдиевге үгүт учурунда кетирген кемчиликтери үчүн жазуу түрүндө эскертүү берилсин.
2. Мады айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкерлер А.Бердиев, А.Усонов, А.Нурбаевдерге үгүт учурунда кетирген кемчиликтери үчүн жазуу түрүндө эскертүү берилсин.
3. Чечимди аткаруу жагы Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы Ж.Молдожановага милдеттендирилсин.

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **К.Кимсанов**

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы** **Ж.Молдожанова**